| | | |
|---|---|---|
| 4.1 | **Финансылык пландоо системасынын болушу** | Кыргыз Республикасынын "ББ законунун №92 30.04.2003 жылдагы 43-статьясынын негизинде мамлекеттик бюджеттен мектептеги кызматкерлердин айлык акысына, коммуналдык кызматтарга, утурумдук ремонт иштерине, командировкалык чыгымдарга ,налогго, соц фондго, прочиеге бөлүнөт. Пландоодо керектүү чыгымдар жазылат. Көпчүлүк учурда мамлекет тарабынан кыскартылат. Айрым учурда проект менен факты айырмалуу болот.<br>Мектепте мугалимдердин айлык акысы корголгон акча каражаты болгондуктан, үзгүлтүксүз берилип келет. Мугалимдердин факт жүзүндө иштеген сааты, тарификациядан бекитилген стажысы боюнча эмгек акысы төлөнүп келет. Тарификация ар бир окуу жылынын башында кызматкерлердин ишине, билимине жараша бекитилип, айлык акынын бюджети бекитилет.<br>Мектептин оңдоп түзөө иштерине жыл сайын окуучунун санына жан башына жараша акча каралат. Жан башына каралган акча каражаты да толук берилбейт, тендерге, каражаттардын баасына көз каранды. Камкордук кенеш, ата-энелердин, бүтүрүүчүлөрдүн, демөөрчүлөрдүн жардамы менен,айыл өкмөттүн жергиликтүү кенеши тарабынан , мектеп жамаатынын спонсорлугу менен гана иш алып барылып келет.<br>Жергиликтүү бюджеттен жардам көрсөтүү боюнча каражат жыл сайын суралып, пландаштырылат. Мектеп электрдик жылытуу менен иштейт, жергиликтүү бийлик камсыз кылат.<br>Финансылык пландоо педагогикалык кенеште кандай иштерди алып барсак болот пландаштырылып, андан соң акча каражаттары изделет. Демөөрчүлөрдүн жардамы менен ишке ашат, же мугалимдер өздөрү каржылайт.<br>**Демөөрчүлөр менен иштөө дагы жыйынтыктуу болуп келет.** |